**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**КЕМИН РАЙОНУ**
**КЕМИН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЕМИНСКИЙ РАЙОН**
**КЕМИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

30 январы 2026 года № 2-9-31

**“Кемин шаарынын 2026-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө”**

2026-жылга болжолдун негизинде кирешелер планы жалпысынан 111 695,9 миң сом болсо, анын 9830,4 миң сому атайын каражаттар, 101 865,9 миң сому бюджеттик каражаттар.

2026-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды эске алуу менен бардыгы болуп 111 695,9 миң сомду түзөт, анын ичинде бөлүмдөр боюнча:

- 70111 «Аппарат мэрии» - 21649,3 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70111 «Горкенеш» - 1544,4 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70629 «Турак-жай комуналдык чарба - 46759,7 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70223 «Коргоо» - 511,3 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70823 «Маданият» - 4773,2 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70921 «Бала бакчалар» - 11337,2 мин.сом- бюджеттик каражаттар
  - 9830,4 мин.сом – атайын каражаттар
- 70921 «Орто мектептер» - 6578,7 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 71092 «Социалдык камсыздоо» - 3098,0 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70961 «Жаштар спорт мектеби» - 5218 мин.сом- бюджеттик каражаттар
- 70961 «ЦДиЮ» - 395,7 мин.сом- бюджеттик каражаттар

Кемин шаардык кеңешинин бюджеттик комиссиясынын төрагасынын сөзүн угуп, 2026-жылга каралган бюджеттин долбоору менен таанышып,Кемин шаардык кеңешинин сессиясын талкуулап, депутаттардын пикири менен алмашып

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кемин шаарынын мэриясынын 2026-жылга карата сунушталган бюджети бекитилсин.
2. Кемин шаардык мэриясынын 2026-жылга сунушталган бюджети No 1 тиркемеге ылайык кирешелерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду (1 баракта) жана чыгашаларды эске алуу менен, чыгымдардын сметасы боюнча 111695,9 миң сом, анын ичинде 101865,5 миң сом суммасында бекитилсин. No 2 тиркемеге ылайык (16 баракта) атайын каражатка 9830,4 миң сом, No 3 тиркемеге ылайык (1 баракта).
3. Кемин шаарынын мэриясынын социалдык-экономикалык планын чечүүгө бөлүнгөн бардык бюджеттик каражаттарды сарптоо так түрдө тендер боюнча жүргүзүлсүн.
4. Кемин шаарынын 2026-жылга бюджетинин киреше бөлүгү жана 2026-2027-жылдарга болжолуна ылайык булактардан түшкөн кирешелерден түзүлө тургандыгы 6-тиркемеге ылайык белгиленсин.
5. 2026-жылга Кемин шаарынын бюджетинен жана 2026-2027-жылдарга болжолуна ылайык чыгымдарды каржылоого каражаттар 2-тиркемеге ылайык белгиленсин
6. 2026-жылга чыгашаларды каржылоо иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин. Мында биринчи кезекте чыгашаларды каржылоо

корголгон беренелер боюнча (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүү, дары-дармек, тамак-аш, калкка социалдык жардам көрсөтүү, стипендиялар) боюнча жүргүзүлөт.

7. 2022-жылдын 1-августундагы №266 УПга ылайык, Кемин шаарынын мэриясынын аппаратынын жана Кемин шаардык кеңешинин аппаратынын кызматкерлерине кызматтык маяналарына ай сайын 40% өлчөмүндө үстөк белгиленсин.
8. "Кемин-Тазалык" муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине социалдык-тиричилик маселелерин чечүү үчүн ай сайын 9000 сом өлчөмүндө материалдык жардам, ар бир кызматкерге атайын тамак-аш сатып алуу үчүн ай сайын 9000 сом өлчөмүндө төлөм жана күз-кыш мезгилине даярдануу үчүн ар бир кызматкерге 6000 сом өлчөмүндө бир жолку материалдык жардам төлөө белгиленсин жана 2026-жылдын 6 айына эмгек акы төлөө фонду 6 874 900 (алты миллион сегиз жүз жетимиш төрт миң тогуз жүз) сомду түзсүн, анын ичинде 17,25% өлчөмүндөгү чегерүүлөр — 995 300 (тогуз жүз токсон беш миң үч жүз) сом.
9. Кварталдык комитеттердин төрагаларына келишимдик негизде ай сайын 5000 сом өлчөмүндө акы төлөө белгиленсин.
10. Нур айылынын кварталдык комитетинин төрагасына Нур айылынын маданият үйүнүн башчысы кызматына кошулганда ай сайын 10 000 сом келишимдик негизде төлөм белгиленсин.
11. Кемин шаардык аксакалдар сотунун төрагасына жана Кемин шаардык ОПЦнын төрагасына айына 500 сомдон, Кемин шаардык аксакалдар сотунун төрт мүчөсүнө айына 500 сомдон төлөнүп берилсин.
12. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы No 474 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөдө иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомуна ылайык Кемин шаарынын мэриясынын имаратынын, балдар спорт мектебинин күзөтчүлөрүнө түнкү убакыт үчүн - 50%, нормацияланбаган жумушчу күн үчүн.
13. «Акылай», «Байчечекей», «Наристе» жана «Кемин-Касиет» мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде бир балага тамак-аш азыктары ата-энелердин салымы айына 1600 сомдон бекитилсин.
14. Кемин №1 орто мектеби, Кемин №2 орто мектеби, Кемин №3 орто мектеби жана "Нур" орто мектеби окуучуларын тамак-аш менен камсыз кылууга жергиликтүү бюджеттен бир балага күнүнө 5 (беш) сомдон каржылоону бекитилсин.
15. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кемин шаарынын мэри К.З.Абдывалиевге жүктөлсүн.

Төрага Т. Кулназаров